# Акцияны өткөрүүнүн

# ЭРЕЖЕЛЕРИ

# Mastercard картасы менен Apple Pay же Google Pay аркылуу төлөп, “Элдик Банк” ААКдан белектерди утуп алыңыз!»

| | |
|---|---|
| **Уюштуруучу** | «Элдик Банк» ААК |
| **Өнөктөш** | Mastercard |
| **Аймак** | Кыргыз Республикасы |
| **Акциянын мөөнөтү** | 2026-жылдын 26-октябрынан 31-декабрына чейин |
| **Жыйынтыктарды чыгаруу** | 2027-жылдын 18-январы |
| | |

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** «Mastercard картасы менен Apple Pay жана Google Pay аркылуу төлөп, “Элдик Банк” ААКдан белектерди утуп алыңыз!» маркетингдик акциясын өткөрүүнүн ушул Эрежелери (мындан ары – **Акция**) акцияны өткөрүүнүн мөөнөттөрүн, тартибин, катышуу шарттарын, жеңүүчүлөрдү аныктоо тартибин жана байгелерди тапшыруу тартибин аныктайт.

**1.2.** Акциянын уюштуруучусу болуп «Элдик Банк» ААК (мындан ары –**Банк**) саналат. Mastercard промо-активдүүлүктү колдоо жана/же сунушталган механизмди камсыз кылуу бөлүгүндө Акциянын өнөктөшү болуп саналат.

**1.3.** Акция Кыргыз Республикасынын аймагында өткөрүлөт жана «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard төлөм карталары боюнча Apple Pay жана Google Pay кызматтарын колдонуу менен накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүүгө дем берүү максатын көздөйт.

**1.4.** Акция кызыктыруучу лотерея болуп саналбайт. Жеңүүчүлөр кокустук тандоо ыкмасын колдонбостон, ийгиликтүү жүргүзүлгөн сатып алуунун алдын ала белгиленген катарлык номеринин негизинде аныкталат.

**1.5.** Акцияга катышуу Катышуучунун ушул Эрежелерге толук жана эч кандай шартсыз макулдугун билдирет.

**1.6.** Уюштуруучу «Элдик Банк» ААКтын расмий маалыматтык каналдарында жаңыланган редакциясын жарыялоо шартында ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

## 2. АНЫКТАМАЛАР

| **Терминдер** | **Мааниси** |
|---|---|
| Акциянын катышуучусу | «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard картасынын ээси болуп саналган жана ушул Эрежелердин талаптарына жооп берген жеке жак. |
| Mastercard картасы | «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard эл аралык төлөм системасынын төлөм картасы. |
| Apple Pay/ Google Pay | Mastercard картасын токенизациялоо аркылуу Apple жана Android шайкеш түзмөктөрүндө төлөм жүргүзүүгө мүмкүндүк берген төлөм кызматтары |
| Сатып алуу / Операция | Apple Pay жана Google Pay колдонулуп, «Элдик Банк» ААКтын Mastercard картасы менен POS-терминал аркылуу товарлар, иштер же кызмат көрсөтүүлөр үчүн ийгиликтүү жүргүзүлгөн накталай эмес төлөм. |
| POS-терминал | Накталай эмес төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн арналган соода-сервистик ишкананын электрондук түзмөгү. |

| Терминдер | Мааниси |
|---|---|
| Сатып алуунун катарлык номери | «Элдик Банк» ААКтын процессингдик системасынын маалыматтарынын негизинде Уюштуруучу тарабынан хронологиялык тартипте ыйгарылган ийгиликтүү сатып алуунун номери. |
| Жеңүүчү | Утуштуу катарлык номерге ээ сатып алууну жүргүзгөн жана ушул Эрежелерге шайкештиги текшерүүдөн өткөн Акциянын катышуучусу. |
| Ак ниетсиз операциялар | төлөмдөрдү жасалма түрдө майдалоо, жасалма сатууларды жүргүзүү, ар кандай манипуляцияларды жасоо, төлөмдөрдү кайтаруу же Акциянын шарттарын башкача түрдө мыйзамсыз пайдалануу белгилери байкалган операциялар. |

## 3. АКЦИЯНЫН МАКСАТЫ

**3.1.** «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard карталары менен сатып алууларды төлөөдө Apple Pay жана Google Pay төлөм сервистерин колдонууну стимулдаштыруу.

**3.2.** «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard карталарынын ээлеринин токенизацияланган төлөм ыкмаларын колдонуу менен POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн транзакциялык активдүүлүгүн жогорулатуу.

**3.3.** «Элдик Банк» ААКнын кардарлары арасында заманбап жана коопсуз төлөм ыкмаларын жайылтууну колдоо.

## 4. АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ МӨӨНӨТҮ

**4.1.** Акцияны өткөрүү мөөнөтү: 2026-жылдын 26-октябрынан 2026-жылдын 31-декабрына чейин (кошо алганда), эгерде Уюштуруучу тарабынан башка мөөнөт бекитилбесе.

**4.2.** Акциянын жыйынтыктары 2027-жылдын 18-январында же Банк тарабынан бекитилген башка мөөнөттө чыгарылат.

**4.3.** Башкы байгени ишке ашыруу мөөнөтү: 2027-жылдын январь-февраль айлары. Мөөнөт туристтик продуктунун жеткиликтүүлүгүн, логистикалык мүмкүнчүлүктөрдү жана Жеңүүчү тарабынан сапарга чыгуу үчүн зарыл болгон талаптардын аткарылышын эске алуу менен аныкталат.

**4.4.** Кошумча байгелерди тапшыруу мөөнөтү: 2027-жылдын январь айы. Мөөнөт логистикалык шарттарды жана Жеңүүчү тарабынан байгенин алынышы үчүн зарыл болгон талаптардын аткарылышын эске алуу менен аныкталат.

## 5. АКЦИЯНЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫ

**5.1.** Акцияга Кыргыз Республикасынын резиденттери болуп саналган, 18 жашка толгон жана «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard карталарынын ээлери болгон жеке жактар катыша алышат.

**5.2.** Акцияга «Элдик Банк» ААКтын Mastercard карталарынын учурдагы ээлери, ошондой эле Акцияны өткөрүү мезгилинде «Элдик Банк» ААКтын Mastercard картасын алган кардарлар катышат.

**5.3.** Акцияга Банктын кызматкерлери, Акцияны уюштурууга түздөн-түз тартылган подрядчылардын жана өнөктөштөрдүн кызматкерлери, ошондой эле алардын жакын туугандары катыша алышпайт.

**5.4.** Уюштуруучу ушул Эрежелердин талаптары бузулгандыгы, ак ниетсиз операциялардын белгилери аныкталгандыгы же анык эмес маалыматтар берилгендиги белгилүү болгон учурда Катышуучуну Акциядан четтетүүгө укуктуу.

## 6. АКЦИЯГА КАТЫШУУ ТАРТИБИ

**6.1.** Акцияга катышуу үчүн Катышуучу Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде «Элдик Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard картасы менен Apple Pay жана Google Pay колдонуу аркылуу POS-терминалдарда сатып алууларды жүргүзүүгө тийиш.

**6.2.** Ушул Эрежелердин шарттарына ылайык келген операция жүргүзүлгөн учурда катышуу автоматтык түрдө ишке ашырылат. Кошумча каттоодон өтүү талап кылынбайт.

**6.3.** Эсептөөгө транзакция суммасы кеминде 100 (жүз) сом болгон, жыйынтыктар чыгарылган күнгө карата жокко чыгарылбаган, кайтарылбаган жана талаш-тартыш жаратпаган ийгиликтүү операциялар гана киргизилет.

**Акцияда эсепке алынбаган операциялар**

- накталай акча каражаттарын алуу жана карталарды толуктоо операциялары;
- карталар аралык которуулар, эсептер аралык которуулар, MoneySend кызматын пайдалануу аркылуу жүргүзүлгөн которуулар жана башка акча которуу операциялары;
- QR-код аркылуу офлайн жана онлайн жүргүзүлгөн операциялар;
- Apple Pay жана Google Pay аркылуу жүргүзүлбөгөн интернет-төлөмдөр жана электрондук коммерция (e-commerce) операциялары;
- жокко чыгарылган, кайтарылган, талашылган, алдамчылык белгилери бар же ак ниетсиз операциялар;
- жасалма түрдө майдаланган операциялар, анын ичинде бир соода түйүнүндө кыска убакыт аралыгында жүргүзүлгөн бир нече ырааттуу сатып алуулар;
- Элдик Банк тарабынан бекитилсе, № 2 Тиркемеде көрсөтүлгөн алып салынган MCC-категориялар боюнча жүргүзүлгөн операциялар.

## 7. ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО ТАРТИБИ

**7.1.** Башкы байге ушул Эрежелердин талаптарына жооп берген 10 000-чи ийгиликтүү сатып алууну жүргүзгөн Катышуучуга берилет.

**7.2.** Кошумча байгелер ушул Эрежелердин талаптарына жооп берген ар бир 1 000-чи жана 1 500-чү ийгиликтүү сатып алууну жүргүзгөн Катышуучуларга берилет, мында 10 000-чы сатып алуу эсепке алынбайт.

**7.3.** Бир Катышуучу Акциянын алкагында бирден ашык байге ала албайт. Эгерде бир эле Катышуучу утуштуу катарлык номерлерге ээ болгон бир нече сатып алууну жүргүзгөн болсо, кийинки байгени алуу укугу башка Катышуучу тарабынан жүргүзүлгөн кезектеги ийгиликтүү сатып алууга өтөт.

**7.4.** Жеңүүчү Банктын тарабынан текшерүү аяктаганга чейин алдын ала аныкталган болуп эсептелет. Байгени алууга акыркы укук Катышуучунун ушул Эрежелердин талаптарына шайкештиги ырасталгандан кийин келип чыгат.

**7.5.** Операция жокко чыгарылганда, сатып алуу кайтарылганда, ак ниетсиз операция аныкталганда же Катышуучу Акциянын шарттарына жооп бербей калган учурда байге кийинки катардагы ийгиликтүү сатып алууну жүргүзгөн Катышуучуга өткөрүлүп берилет.

**7.6.** Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыгы боюнча Банк Акциянын жыйынтыктарын ырастоочу протоколду же башка ички документти түзөт.

## 8. АКЦИЯНЫН БАЙГЕ ФОНДУ

| Категория | Байге | Саны | Байге алуучуну аныктоо тартиби |
|---|---|---|---|
| Башкы байге | 2027-жылдын январь-февраль айларында эки адам үчүн Мальдив аралдарына бир жумалык саякат (учуп чыгуу жери – Бишкек шаары). | - 1 саякат | 10 000-чи ийгиликтүү сатып алууну жүргүзгөн Катышуучу. |
| Кошумча байге 1 | - iPhone 18 Pro Max 512GB | - 4 даана | Утуштуу 1 500-чи сатып алууларды жүргүзгөн Катышуучулар. |
| Кошумча байге 2 | - Apple Watch 12 | - 5 даана | Утуштуу 1 000-чи сатып алууларды жүргүзгөн Катышуучулар. |

**8.1.** Байгелер акчалай эквиваленткe алмаштырылбайт.

**8.2.** Байгени алууга байланыштуу салыктар, жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана бул эрежелер ылайык бөлүштүрүлөт.

**8.3.** Башкы байгенин курамына киргизилген деп көрсөтүлбөгөн чыгашалар, анын ичинде документтерди тариздөө, визаларды алуу, камсыздандыруу, учуп чыгуу пунктуна чейинки трансферлер жана жеке чыгымдар Жеңүүчүнүн эсебинен төлөнөт.

## 9. БАЙГЕЛЕРДИ ТАПШЫРУУ ТАРТИБИ

**9.1.** Жеңүүчүлөргө «Элдик Банк» ААК тарабынан Банктын системасында бар болгон байланыш маалыматтары аркылуу же Банк тарабынан аныкталган башка расмий ыкма менен билдирүү жөнөтүлөт.

**9.2.** Жеңүүчү билдирүүнү алгандыгын ырастоого жана өздүгүн текшерүү жана байгени тариздөө үчүн зарыл болгон документтерди Банк белгилеген мөөнөттө берүүгө милдеттүү.

**9.3.** Байгелер текшерүүдөн өткөндөн жана зарыл болгон документтерге кол коюлгандан кийин Жеңүүчүгө жеке өзү тапшырылат.

**9.4.** Эгерде Жеңүүчү байланышууга чыкпаса, байгеден баш тартса, талап кылынган документтерди бербесе же Акциянын шарттарына жооп бербесе, Банк байгени кийинки кезектеги Катышуучуга өткөрүп берүүгө укуктуу.

**9.5.** Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Катышуучулардын макулдуктарында жол берилген көлөмдө Акциянын жыйынтыктары жөнүндө маалыматты Элдик Банктын расмий маалыматтык ресурстарында жарыялоого укуктуу.

## 10. УЮШТУРУУЧУНУН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

- ушул Эрежелерге шайкештигин текшерүү максатында операцияларга жана Катышуучуларга текшерүү жүргүзүүгө;
- алдамчылык белгилери бар, жасалма түрдө майдаланган, техникалык каталарга байланыштуу же Акциянын шарттарын кыянаттык менен пайдалануу белгилери камтылган операцияларды эсепке алуудан чыгарууга;
- байгени алууга болгон укугун ырастоо үчүн Катышуучудан кошумча маалыматтарды жана документтерди талап кылууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Элдик Банктын ички ченемдик документтеринде каралган учурларда же Банктан көз каранды болбогон жагдайлар келип чыккан учурда Акциянын шарттарын өзгөртүүгө, Акцияны убактылуу токтотууга же мөөнөтүнөн мурда аяктоого;
- Катышуучунун Акциянын шарттарына ылайык келбегендиги аныкталган учурда байгени берүүдөн баш тартууга укуктуу.

## 11. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАР

**11.1.** Акцияга катышуу менен Катышуучу өзүнүн жеке маалыматтары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган көлөмдө Акцияны уюштуруу, жеңүүчүлөрдү аныктоо, байгелерди тапшыруу жана жыйынтыктарды жарыялоо максаттарында Элдик Банк тарабынан иштетилиши мүмкүн экендигин тастыктайт.

**11.2.** Зарыл болгон учурда Жеңүүчү жеке маалыматтарды иштетүүгө, фото жана видео тартууга, ошондой эле Акцияга байланышкан маалыматтык материалдардын алкагында өзүнүн сүрөтүн пайдаланууга өзүнчө макулдук берет.

**11.3.** Уюштуруучу жеке маалыматтарды Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Банктын ички жол-жоболоруна ылайык иштетүүнү камсыз кылат.

## 12. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

**12.1.** Акцияны өткөрүүгө байланыштуу бардык талаштуу маселелер ушул Эрежелер жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**12.2**. Эрежелер менен жөнгө салынбаган маселелер Банк тарабынан колдонуудагы мыйзамдарга жана Элдик банктын ички документтерине ылайык чечилет.

**№2- Тиркеме**

# АКЦИЯГА КАТЫШПАГАН МСС КОДДОРУНУН ТИЗМЕСИ

| МСС-коддор | Категория |
|---|---|
| 4829/6537/6531/6533/6534 | Акча которуулар; |
| 7995/7800/7801/9406/9754 | Кумар оюндар; |
| 4900 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр; |
| 4812/4813/4814/4815/4816/4899 | Телекоммуникация, интернет жана маалыматтык кызматтар; |
| 5046/5047/5285 | Коммерциялык жабдуулар; |
| 5933 | Ломбард кызматтары; |
| 5960 | Түз маркетинг аркылуу көрсөтүлгөн камсыздандыруу кызматтары; |
| 6010/6011/6012 | Финансылык институттар; |
| 6050/6051 | Квази-нак акча операциялары, чет өлкө валютасы, акча которуулар жана жол чектери; |
| 6211 | Баалуу кагаздар менен байланышкан операциялар; |
| 6300/6381/6399 | Камсыздандыруу жана камсыздандыруу кызматтары; |
| 6529/6532/6535/6538/6540 | Финансылык уюмдардын кызматтары, карталар аралык которуулар жана карталарды толуктоо операциялары; |
| 7277/7321/7399/7394 | Башка кызмат көрсөтүүлөр жана бизнес-кызматтар; |
| 7513/7519 | Жүк ташуучу машиналарды, трейлерлерди жана дөңгөлөктүү турак жайларды ижарага берүү кызматтары; |
| 9211/9222/9223/9311/9399/9402/9405 | Салыктарды, айып пулдарды, күрөөлөрдү төлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр; |
| 8398/8641/8651/8661/8675 | Коомдук, жарандык, саясий жана диний уюмдардын кызматтары; |
| 9999 | QR-код аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөр |

**Эскертүү:** Бул тизме жумушчу вариант болуп саналат жана Акцияны баштоого чейин акыркы макулдашуудан жана бекитүүдөн өткөрүлүүгө тийиш.

**№3-тиркеме**

**ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ЧОГУЛТУУГА ЖАНА ИШТЕТҮҮГӨ МАКУЛДУК**

Мен, ______________________________________________________________________________

(фамилиясы, аты, атасынын аты эгер болсо)

Туулган күнү / инсандыгын күбөлөндүргөн документтин номери: ___________________________

Байланыш маалыматтары: ________________________________________________________________

Ушуну менен мен маркетингдик акцияга катышуу, жеңүүчүлөрдү аныктоо, байгелерди тариздөө жана тапшыруу, ошондой эле Акциянын жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо максаттарында өзүмдүн жеке маалыматтарымды иштетүүгө ыктыярдуу жана аң-сезимдүү түрдө макулдугумду берем.

| **Макулмун (✓/–)** | **Иштетүүнүн максаты** | **Жеке маалыматтар** | **Иштетүү мөөнөтү** |
|---|---|---|---|
| | Акцияны өткөрүү жана катышуу, байгелерди тариздөө жана берүү, жыйынтыктарды мүмкүн болгон көлөмдө жарыялоо. | Аты-жөнү, байланыш маалыматтары, инсандыгын тастыктаган документтин маалыматтары, зарыл болсо, фото- жана видео сүрөтү | Акция өткөрүлгөн мөөнөткө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык маалыматтарды сактоого. |

Жеке маалыматтар менен төмөнкү аракеттерди жасоого: чогултуу, жазуу, сактоо, тактоо, пайдалануу, Акциянын максаттарынын чегинде берүү, кыскартуу же жок кылуу.

- Мен Акциянын сыйлыктары акчалай эквивалентке алмаштырылбай тургандыгы менен таанышам, эгерде Эрежелерде башкача каралбаса.
- Мен берген маалыматтарымдын чындыгын тастыктайм.
- Мен макулдугумду жазуу жүзүндөгү арыз менен кайтарып алсам болорун түшүнөм.
- Акциянын жыйынтыгы жөнүндө маалымат берүү үчүн менин атымды, атымдын биринчи тамгасын, фото- жана видео сүрөттөрүмдү, эгерде "Элдик Банк" ААК талап кылса, колдонууга макулдук берем.

Аты-Жөнү: ________________________________ Кол тамга: ________________________________

«___» _________________ 20____ ж.